БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**

Билим берүү программаларын
жана уюмдарын аккредитациялоо
агенттигинин кызматкерлеринин
Жамааттык жыйыны

Протокол № 67-1, 05.09.2024-ж.

**«БЕКИТИЛДИ»**

Билим берүү программаларын жана
уюмдарын аккредитациялоо
агенттигинин директору

_______ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101, 05.09.2024-ж.

# Жогорку кесиптик билим берүү үчүн институционалдык аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери

| |
|---|
| **Жогорку кесиптик билим берүү үчүн институционалдык аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери** |
| **1 - Стандарт. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты** |
| **1.1 - критерий.** Стратегиялык жана учурдагы пландар билим берүү уюмунун миссиясына жетишүүгө жөндөм түзөт жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырат. |
| **1.2 - критерий.** Кызыкдар тараптардын катышуусу менен чечимдерди кабыл алуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн стратегиялык жана учурдагы пландарды ишке ашыруу, билим берүү уюмунун ишине мониторинг жүргүзүү. |
| **1.3 - критерий.** Ички башкаруу системасы натыйжалуу иштейт жана билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга жөндөм түзөт. |
| **1.4 - критерий.** Билим берүү уюму билим берүү ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактайт. |
| **1.5 - критерий.** Кызыкдар тараптар билим берүү уюмунун ишинин натыйжалары жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүгү бар. |
| **1.6 - критерий.** Билим берүү уюму өзүнүн академиялык беделин жогорулатуу боюнча чараларды көрөт. |
| **1.7 - критерий.** Билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат. |
| **1.8 - критерий.** Билим берүү уюму ички жана тышкы аудиттин натыйжалары боюнча программаларды өркүндөтүүгө жана билим берүү уюмунун өнүгүүсүнө системалуу түрдө баа берет жана мониторинг жүргүзөт. |
| **1.9 - критерий.** Билим берүү уюму билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча саясатты иштеп чыгууга жана кайра карап чыгууга бардык кызыкдар тараптарды тартат. |
| **2 - Стандарт. Адам ресурстарын башкаруу** |
| **2.1 - критерий.** Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруунун ачык жана объективдүү механизмдери жана жол-жоболору, анын ичинде персоналдын жана билим алуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерине ээ. |
| **2.2 - критерий.** Билим берүү уюму персоналды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүүнү жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылат. |

| |
|---|
| **2.3 - критерий.** Билим берүү уюму персоналдын ишин баалоонун, алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын, объективдүү механизмдерине жана көрсөткүчтөрүнө ээ. |
| **2.4 - критерий.** Билим берүү уюмунда кызматкерлерди сыйлоонун жана мотивациялоонун ыкмалары жана каражаттары бар. |
| **2.5 - критерий.** Билим берүү уюму кызматкерлердин канааттануу деңгээлине системалуу түрдө мониторинг жүргүзүп, эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча чараларды көрөт. |
| **3 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар** |
| **3.1 - критерий.** Билим берүү уюму билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. |
| **3.2 - критерий.** Билим берүү уюмунда материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар. |
| **3.3 - критерий.** Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына шайкеш келет. |
| **3.4 - критерий.** Билим берүү уюму имараттардын туруктуулугун камсыз кылат. |
| **3.5 - критерий.** Билим берүү уюму окуу үчүн онлайн платформалардын жана ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыз кылат. |
| **3.6 - критерий.** Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын жаңылоо жана модернизациялоо боюнча пландары, алардын аткарылышын жыл сайын талдоо менен. |
| **4 - Стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу** |
| **4.1 - критерий.** Билим берүү уюму финансыны башкарууда, бюджетти аткарууда ачыктыкты жана айкындуулукту, негизделген финансылык пландоону камсыз кылат. |
| **4.2 - критерий.** Билим берүү уюму дайыма тышкы финансылык аудиттен өтүп турат. |
| **4.3 - критерий.** Билим берүү уюму финансылык ресурстарды башкаруунун механизмдерин жана жол-жоболорун дайыма жакшыртып турат. |

| |
|---|
| **4.4 - критерий.** Билим берүү уюму персоналга жана билим алуучуларга социалдык колдоо көрсөтөт. |
| **4.5 - критерий.** Билим берүү уюму инфраструктураны өнүктүрүүгө жана билим берүү программаларынын сапатын жогорулатууга инвестициялайт. |
| **4.6 - критерий.** Билим берүү уюму тышкы каржылоону системалуу түрдө тартат (гранттар, долбоорлор, бизнес келишимдер ж.б.). |
| **4.7 - критерий.** Билим берүү уюму тобокелдиктерди баалоону жүргүзөт жана финансылык туруктуулукту камсыз кылат. |
| **5 - Стандарт. Илимий иш (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары үчүн)** |
| **5.1 - критерий.** Билим берүү уюму илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт. |
| **5.2 - критерий.** Билим берүү уюму жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ, илимий изилдөөлөр үчүн алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. |
| **5.3 - критерий.** Билим берүү уюму илимий-изилдөө стажировкасынан өтүүгө, илимий натыйжаларды жана кадрларды алмашууга көмөк көрсөтөт. |
| **5.4 - критерий.** Билим берүү уюму педагогдордун сыйлоо системасын жана илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын билим берүү ишинде жана практика менен байланышта колдонуу боюнча индикаторлорун пайдаланат. |
| **5.5 - критерий.** Билим берүү уюму илимий-метрикалык көрсөткүчтөр аркылуу персоналдын жана билим алуучулардын жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт. |
| **5.6 - критерий.** Билим берүү уюму илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча өлкөнүн же аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон. |
| **5.7 - критерий.** Билим берүү уюму жаш окумуштууларды колдоонун ыкмаларына жана каражаттарына ээ. |
| **5.8 - критерий.** Билим берүү уюму илимий иштеп чыгууларды өндүрүшкө киргизет, ошондой эле илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын коммерциялаштырат. |

| |
|---|
| көрсөтөт. |
| **6.4 - критерий.** Билим берүү программасы персоналдын жана билим алуучулардын илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын окуу процессинде жана өндүрүштө пайдалануу боюнча сыйлоо системасын колдонот. |
| **6.5 - критерий.** Билим берүү программасы персоналдын жана билим алуучулардын беделдүү басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чараларды көрөт. |
| **6.6 - критерий.** Билим берүү программасы студенттердин жана окутуучулардын илимий изилдөөлөрү үчүн ички жана тышкы (гранттар, долбоорлор, бизнес келишимдер ж.б.) каржылоону пайдаланат. |
| **6.7 - критерий.** Билим берүү программасы үзгүлтүксүз илимий-методикалык конференцияларды жана семинарларды уюштурат. |